кылып ок атып кала беришет. Каныкей да жарат алат. Кайыпчынын зоосундагы үңкүргө алып барып,миң түрдүү дары чөптөрдөн берип дарылайт. Энтери аттуу адамга желмаянды мингизип, меке дилда, Мисир менен Багдатты чалдыртып, жашыл кара дарыдан алдыртат. Бул жерден кыргыздардын элдик медицинасы боюнча түшүнүк алабыз. “Манас” эпосунан элдик медицина боюнча бай материалдарды кездештирүүгө болот. Каныкей Манас баатырды 41 күн дарылап багып айыктырат. Ошол учурда Көзкамандар Манас баатырды өлдү деп ойлошуп, Акаярды зынданга салдырып, казынасын качырга жүктөшүп, Кары кандын берем деген кандыгын алуу үчүн жолго чыгышат. Кырк чоро болгон окуяны билишип, Манас баатырга кезигишип, Көзкамандардын артынан куугун түшүшөт да, аларга жетип жок кылышат.С.Каралаевдин вариантындагы “Көзкамандардын окуясы” аттуу эпизод XVI кылымда Сайф ад-дин Аксыкенти жазып калтырган “Мажму атут-таворих” (“Тарыхтардын жыйнагы”) аттуу эмгекке окшоштук жактары өтө көп. Эмгекте Манас баатырды ким жок кылса ага өзүнүн жарым кандыгын жана кызы Сулунжебени тартуу кылам деген Жолой жарлык кылат.Төбөй аттуу адам Жолойдон жанына 5 калмакты кошуп берүүсүн суранып, Манасты ууландыруу үчүн жолго чыгат. Ал Манаска жетип, анын ишенимине кирип,билгизбей ууландырат. Окумуштуу С.Орозбаковдун вариантына караганда, С.Каралаевдин вариантынын “Тарыхтардын жыйнагы” китебиндеги Манаска байланыштуу окуяларды салыштыра турган болсок, баалуу маалыматтарга ээ болобуз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Сооронов О. Баш сөз. Китепте: Аксылык Сайф ад-дин “Тарыхтардын жыйнагы”(кыргызча котормосу). Б.,1996.

2. Абдылдаев Э. “Манас” эпосунун историзми.Ф.,1987

3. Караев Ө.Манас жөнүндөгү алгачкы маалымат.Китепте: “Манас” эпосу жана дүйнө элдеринин эпикалык мурасы,Б.,1995

4. Калчакеев К.“Манас” эпосундагы сюжеттин көрөңгөлүү салты жана анын ийкемдүү уланып өнүгүүсү. Б.,2016.

5. Орозбаков С. Манас.Б.,2010

6. Каралаев С. Семетей.Ф.,1987

УДК:398
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-2(1)-241-245

**Айталиева Т. К.**
Талас мамлекеттик университети, филология илимдеринин кандиданты, доцент
**Айталиевна Т. К.**
Таласский государственный университет, кандидат филологических наук, доцент
**Aitalieva T. K.**
Talas State University, Candidate of Philological Sciences, Associate Professor

## «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ «МАНАС БААТЫРДЫН КАНЫКЕЙГЕ ҮЙЛӨНҮШҮ” АТТУУ ЭПИЗОД
## ЭПИЗОД “ЖЕНИТЬБА МАНАСА НА КАНЫКЕЙ В ЭПОСЕ «МАНАС»
## EPISODE «THE MARRIAGE OF MANAS TO KANYKEI » IN THE EPIC «MANAS»

**Аннотация:** “Манас” эпосунда “Манас баатырдын Каныкейге үйлөнүшү” аттуу эпизод негизи эпизоддордун бири. С.Орозбаковдун вариантында Манастын Каныкейге үйлөнүшү өзгөчө сүрөттөлүп берилген деп айтсак болот. Каныкей Манас баатырдын эң ишенимдүү кеңешчиси,үзүлгөнүн улаган,чачылганын жыйнаган кеменгер жары. Баатырдын өзүнө ылайыктуу жары, аты, жоо кийимдери, жоо куралдары болушу керектиги баатырдык эпосторго мүнөздүү көрүнүш. Элдин жүгүн аркалай турган баатырдын акылына акыл кошо турган, кандай шартта болбосун ага жардам берип,колдоо көрсөтө турган жакын адамдарынын бири анын жары болуп саналат.Макалада баатырдык үйлөнүү салты улуу манасчы С. Орозбаковдо жана манасчы Ш. Азизовдо кандайча сүрөттөлүп берилгенине кеңири талдоо жүргүзүлгөн жана изилдөөнүн жыйынтыгы чыгарылган. С.Орозбаковдун вариантында Манас баатырдын Каныкейге үйлөнүшү өзүнчө бир чыгарма сыяктуу сюжетке ээ экенин байкоого болот.

**Аннотация:** В эпосе «Манас» эпизод «Женитьба богатыря Манаса на Каныкей» является одним из главных эпизодов. Можно отметить, что по версии С. Орозбакова женитьба Манаса на Каныкей описывается особым образом. Каныкей была для Манаса верным советником, мудрой супругой и могла соеденить отсоединенное и собрать разбросанное. Для героических былин характерно, что герой должен иметь подходящую ему жену, лошадь, одежду и оружие. Одним из близких людей, кто прибавит мудрости уму богатыря, кто понесет бремя народа, поможет и поддержит его в любой ситуации, является его супруга. В статье проведен подробный анализ того, как описывается традиция героического бракосочетания у великого сказителя С. Орозбакова и сказителя Ш. Азизова. По версии С. Орозбакова можно заметить, что женитьба героя Манаса на Каныкей имеет сюжет как бы отдельного произведения.

**Abstract:** In the epic "Manas" the episode "The Marriage of the hero Manas to Kanykei" is one of the main episodes. It can be noted that, according to S. Orozbakov, the marriage of Manas to Kanykey is described in a special way. Kanykei was a faithful adviser for Manas, a wise wife and could connect the disconnected and collect the scattered. It is typical for heroic epics that the hero must have a suitable wife, horse, clothes and weapons. One of the close people who will add wisdom to the mind of the hero, who will bear the burden of the people, help and support him in any situation, is his wife. The article provides a detailed analysis of how the tradition of heroic marriage is described by the great storyteller S. Orozbakov and storyteller Sh. Azizov. According to S. Orozbakov, one can see that the marriage of the hero Manas to Kanykey has a plot, as it were, of a separate work.

**Негизги сөздөр:** баатыр, үйлөнүү, тартуу, акылман, кеңешчи, калың, кырк чоро, кырк кыз.

**Ключевые слова:** герой, женитьба, помолвка, мудрый, советчик, приданое, сорок раз, сорок девушек**.**

**Keywords:** hero, marriage, engagement, wise, adviser, dowry, forty times, forty girls.

Манас баатыр Каныкейге үйлөнгөнгө чейин анын баскынчы хандар менен согушуп жеңип алганда тартууга келген аялдары болгон. Калмак каны Кайыпдаңдын кызы Карабөрк, Шооруктун кызы Акылайлар тартуугаалган аялдары болгон. Алмамбет баатыр Манаска келип, Манас анын келгенинин урматына чоң той өткөрүп, өзүнө эмчектеш бир тууган кылып алат.Манас Алмамбетти үйлөнтүү үчүн ылайыктуу кыз издейт.Алмамбет Манаска жолугуу үчүн Карабөрктүн үйүнө барат, ал Алмамбетке какшык менен жооп

айтып,Акылайдын үйүнө жөнөтөт. Акылайдын үйүнө барып сураса, ал ордунан туруп да койбой жооп узатат. Манас баатырдын эки аялын сынап көргөн Алмамбет баатырга “сен мени бойдок деп кыз издеп жүрөсүң, чындыгында сен эки аялың туруп бойдок экенсиң” деп ардантат. Манас баатыр Алмамбеттин сөзүн уккандан кийин атасы Жакыпка барып кеңешет. Манас атасына атанын баласынын астында 6 парызы болот деп айтат.

1.Бала төрөлгөндө той берип,жакшы ысым коюу.

2.Балага адал тамак берүү.

3.Балага арам-адалды, жанга келчү залалды билдирүү.

4.Сүннөт.

5.Үйлөнтүү.

6.Балага билим берүү. Ысымымды жакшы коюпсуз. Бирок молдого окууга бербей койгонсуз. Уга чыкканда Абунасир заманиге жолугуп, андан диндин жол-жоболорун үйрөнүп, динге кире албай жүрдүң эле, Ыслам динин билдирдим деп айтып, аялдары тууралуу алардын тартууга келгендиктерин, жашы отузга келип калганын, ошондуктан өзүнө ылайыктуу жар керек экендигин билдирип, ылайыктуу кыз таап берүүсүн өтүнөт. Манас баатырдын атасына кыз тандоодо эмнелерди эске алуусу керектиги тууралуу айткандары да талдоону талап кылат. Кандай кыздан жар күткүсү келгенин айтат. Бийдин, пирдин, жардынын, ардуунун, байдын, кулдун, азаматтын, кан, казы кызы болбосун деп алардагы өзүнө жакпаган сапаттарды санайт. Туура эмес жүрүш-туруштагы кыз болбосун деп атасына оюн айтат. Жакып алтымыш жамбы алып, кашына Атайдын уулу Боокени, Акымбек уулу Меңдибай, Алыбек уулу Жоокени алып жолго чыгып көп жерлерди кыдырышып, кыз сынашат. 36 күн өткөндөн кийин Букардын калаасына барып, бектерден уруксат алышып 600 кызды көрүп, аларды жактырышпайт. Букардан өтүп Кейип шаарына барышат. Ал жерден Алым деген мырзага жолугуп калышып, ал 680 кыз тууралуу айтат. Алымга эки жамбы берип кыздарды көрүү үчүн уруксат сурап алышып сынап, Атемирдин кызы Санирабиганы жактырышып, Манаска ылайыктуу кыз таптык деп ойлошот. Жакып Санирабийганы сынаганда анын келечектеги тагдырына да сынчылык кылат. Жакып абдан кыраакы, келечекти алдын ала көрө билген адам катары сүрөттөлгөн. Кыздардын баары медреседе окушат, аларды окуткан 81 аял бар. Медресе сабак берген аялдардын эң улуусу 68 жашта экен. Кыздын атасынан кызынын колун сураганда, алар да Жакыптын уулу Манастын дайынын угуп жүрүшкөн экен. Атемир кеңешчилерин чакырып, кандай кылсак, Жакып баласына Санирабиганы алып берүүдөн баш тартат деп кеңешишет. Кандын кеңешчилери калыңга көп мал сурасак кандай болот деп айтышканда, Атемир кыргыздарда мал көп болорун айтып, таба албай кыйналышсын деп, окшош малдардан калың сурайлы, айлалары кеткенде, ойлонушуп, айткандарынан баш тартышат деп макулдашышат. Каныкейдин калыңына Манастын атасы Жакыптан төмөнкүдөй малдарды сурайт:

**1). 60төө.** баштары кара,өңгөсү ак 30 ургаачы төө, жамы бою капкара, баштары ак 30 төө;

**2). 500 жылкы.** Маңдайында агы бар, тумшугунун үстүнө нокто кезген тагы бар 100 кара ат, 100 куйругу кара, өнө бою ак жылкы, 100 жоору жок чаар ат, 100 кыпкызыл жээрде ат, 50 кара жалдуу кула ат, 25 чабдар, 25 тору ат;

**3). 200 бакар.** Эки-үч асый бакардан 50 ак, 50 кара болсун, 50 таргыл өгүз, 25 карала өгүз, 25 сарала өгүз;

**4). 2000 каспант.**1000и кара,1000 и ак болсун;

**5). 40000 кызыл дилде;**

**6). 1000 жамбы** калың беришсин деп шарт коюшат. Кыргыз түгүл кытайдан кошо жыйса да таба алышпайт деп ойлоп калышат. Жакып Атемир менен коштошуп,үйүнө барат. Көргөн-билгендеринин баарын айтат.Манас кыздын калыңына эмне сурады деп атасынан сураганда, Жакып Атемирдин кызына сураган калыңын айтып, эми калынды камда деп уулуна айтат. Кыргыздардын наркы боюнча ага-ининин кошумча берүү салты бар. Көпчүлүк калың тууралуу уккандан кийин кеңешишип, айтылган малды чогултушат. Атемир таап бере албайт деп айткан малдан 3 эсе көп малды, 6 күндө жыйнашып, Манас баатыр 12000 жигит, 9000 аксакал, Шакан баштаган 900 кемпир, 40 чоро 40000 адам, 100 комузчу, 37 сыбызгы, чоорчу, 64 сурнайчы, 50 өнөрпоз алышып, тоюна деп 600 төөгө алма, мейиз, өрүк, 700 төөгө жер-жемишти жүктөтүп, 30000 кой, 100 нар, 200 айры өркөчтүү төө, 3000 жылкы, 90 бээ, 900 байтал айдатып жолго чыгышат. Каныкейдин калыңын алып барышканы да өзгөчө чеберчиликте көркөм сүрөттөлгөн.[1]

**“Манас баатырдын Каныкейге үйлөнүшү”** аттуу эпизод да Ш.Азизовдун вариантында башка манасчыларга караганда айырмаланып турат деп айтсак болот. С.Орозбаковдун вариантында Манастын Каныкейге үйлөнүүсүндө баатырдын тартууга келген аялдары Алмамбетке кыялдары жаманынан жакпай калып, “Сен мага аял издегениң бекер, сен өзүң бойдок экенсиң” деп ардантат. Манас атасы Жакыпка өзүнө ылайык жар тандап берүүсүн, ала турган кызы кандай болушу керектигин айтат. Жакып көп шаарларды кыдырып, Атемирдин кызы Санирабийганы Манаска ылайыктуу кыз деп тандайт. Манас баатырдын Каныкейге үйлөнүшүнүн өзү эле С. Орозбаковдун вариантында кеңири баяндалып, башка варианттарда кездешпеген окуялар менен баяндалып берилген деп айтууга болот.

Ш.Азизовдун вариантында Манас Алмамбет баатыр келип чоро боло электе эле үйлөнөт. Кошой,Бакай баш болушуп, Жакыпка келишет да Манасты үйлөнтүү үчүн кеңеш курушат. Алар кыз издеп отурушпай эле Кайыпкандын кызы Каныкей Манаска ылайыктуу жар болот деп чечим чыгарышып, Сыр дайраны көздөй барып, куда түшөлү деп өз ара сүйлөшүшөт. Жакып, Бакай, Кошой, Манас баатыр кырк чоросу менен камданып Кайыпканды көздөй жолго чыгышат. Жолдо бара жатышып токойдон өтүшөт. Манасчы токойдун, тоо, суусунун көрүнүшүн жана анда жашаган жан-жаныбарларды сүрөттөгөндө гиперболаны кеңири колдонгон. Мисалы,

Алтымыш кулач ажыдаар,
Арстан Манас баланын,
Астынан чыгып комдонду.
Жалбырагы жаргактай,
Кара курту бармактай,
.Кескелдириги тайгандай...

Жогорудагы баяндоодогу алтымыш кулач ажыдаардын Манас баатырдын алдынан тосуп чыкканы жомоктогудай көрүнүштү элестетет. Жалбырак, кара курт,кымыздык,кескелдириктерди салыштырган нерселер да көркөмдөлүп сүрөттөлгөндүгү көрүнүп турат.

Алар Чаң дайраны кечип өтүшүп, Кайыпкандын шаарына келишет. Кайыпкан алардын келгенине кырк боз үй тигип коноктойт. Ошол учурда жашы 80ден ашып 90го таяп калган мезгили экен. Жакып, Кошой, Бакай, Манастын кырк чоросу Кайыпкандын сыйын көрүшүп, жаштары жамбы атып, жаа тартып, селкинчек ойноп оюн курушат. Манас жолдоштору менен кеңешип,аты менен бастырып бара жатып, асмандан куш кырааны

буудайыктын куушурулуп турганын көрүп,бир топ жерге барганда кол башындай куу күчүк таап алып, күүгүм кирип калганда Кайыпкандын калаасына келип, ала турган колуктуусу Каныкейге табыштайт. Каныкей кол башындай куу күчүктү шайы менен ороп, сары май менен оозандырып багып калат. Манасчы чыгармадагы каармандарды өз ара сүйлөштүргөндө, алардын макулдашуусунда “макул,макул,макул” деген сөздөрдү көбүрөөк колдоно турганы байкалат. Манасчы эпосту аткаруу процессинде “Жалган айтып койбосом” деген саптарды да көп колдоно турганын байкоого болот. Негизинен, бардык варианттарда Каныкейдин атасы Атемир же Темиркан деп берилет. Манас Кайыпдаң деген калмак канын жеңип алганда, кан элдешүү максатында кызы Карабөркту Манас баатырга аялдыкка берет. Ш.Азизовдун вариантында Манастын Карабөрк аттуу аялы болгондугу тууралуу айтылбайт. Ал эми Акылай аттуу аялынын болгондугу тууралуу учкай гана эскерилип өткөн.[2] Ал эми Кудалашууга барган аксакалдар, кайындап барган Манас чоролору менен кайрадан Таласка келишет. Аларды Чыйырды эне атайы даярдык көрүп күтүп алат. Арадан бир нече убакыт өткөндөн кийин Манас Каныкейди алып келүү үчүн жанына Сыргакты алып, Кайыпкандын калаасына барат. Алар барганда Кайыпкандын көзү өтүп кеткендиктен, Каныкей энеси экөө аларды кошок айтып, ыйлап тосуп алышат. Ошол учурда Манас кол башындай куу күчүктүн торпоктой болуп калганын көрөт. Куйрук жагынын куйкаланып калганын көрүп, Каныкейге ачууланып, анын кабыргасын сындырып салат. Сыргак келип арачалап калат. Ш.Азизовдун вариантында Манас баатырдын Каныкейге үйлөнүүсү абдан жөнөкөйлөштүрүлүп сүрөттөлгөндүгүн байкоого болот. Манас Каныкейди Таласка Сыргак экөө эле алып келишет. Жакып Манас менен Каныкейге нике кыям деп, көп адамдарды тойго чакырат. Алардын арасында кыз Сайкал, айры сакал сынчыга өзүбек элин, катагандарды, казактарды, Кырымдыктарды, Омбу жактагыларды, жедигердин Багышын, Эр Төштүктү, Нагыз Кожо Шегизи, Текечинин Урмамбет, эр Үрбү, эштектердин Жамгырчы, Чаргын, Ажыбай, жети кан, Бокмурун баарын тойго чакырышып той өткөрүшөт. Манасчы С. Орозбаковдун вариантында бул эпизод өзүнчө эле бир чыгарма сыяктуу аткарылган. Манас менен Каныкейдин тоюю болуп жатканда Көкчөнүн элине кытайдан качып келген үч адам жүрөт деген кеп угат да дайынын билип келүүгө Тазбайматты жөнөтөт. Кеч кирип калган мезгилде Көкөтөйдүн Бокмурун эч ким менен кеңешпей аш өткөрүп жатат деген айың угат. Манас ачууланып, ошол айың сөздүн чын-төгүнүн билип келүү үчүн Байжигитти жөнөтөт. Ш.Азизовдун вариантында Манастын Каныкейге үйлөнүүсү “Манас” эпосундагы негизги эки эпизоддун башаты сыяктуу кызмат аткарган. Тактап айтканда –“Алмамбеттин окуясы” жана “Көкөтөйдүн ашы” эпизоддору.

“Манас” эпосундагы баатырдык үйлөнүү салты окумуштуулар В.М.Жирмунский, М.О.Ауэзов, Р.З.Кыдырбаева, С.Мусаев, Н.Бекмухамедова, К.Калчакеев, эл мугалими Б.Исаков ж.б.тарабынан кеңири изилдөөгө алынган.

“Манас” эпосундагы баатырдык үйлөнүү салты изилдөөнү талап кылган эпизоддордун бири болуп саналат.

## Колдонулган адабияттар:

1. Орозбаков С. Манас.Б.,2010,
2. Орозбаков С. Манас.Б.,2010,
3. Калчакеев К. “Манас” эпосундагы сюжеттин көрөңгөлүү салты жана анын ийкемдүү уланып өнүгүүсү. Б.,2016.
4. Исаков Бектур. Айкөл Манастын улуу көчү.Б.,2018.